# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык сотунун судьясы
В.С. Туманованын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл
алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 15-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, К.А. Дуйшеев, М.Ш. Касымалиев катчы А.Т. Таалайбековдун катышуусу менен Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык сотунун судьясы В.С. Туманованын кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 19-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык сотунун судьясы В.С. Туманованын Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 285-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 57-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө суроо-талабы келип түшкөн.

Суроо-талаптан жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, 2022-жылдын 13-сентябрында Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык сотунун (мындан ары – Каракол шаардык соту) соттук отурумунда жактоочу Э.М. Шаршеевдин далилди алып салуу жөнүндө өтүнүчү канааттандыруусуз калтырылган.

Далилди алып салуу тууралуу өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө токтомун Каракол шаардык соту Кыргыз Республикасынын

Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 279-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун жана 285-беренесинин ченемдерине шилтеме жасап, далилдерди алып салуу жөнүндө өтүнүчтөр алдын-ала угууда каралат, ал эми далилдер сот тарабынан иликтенип жаткан учурда алар алынып салынышы мүмкүн эмес деп негиздеген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 57-беренесинин 4-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмүндө мыйзамды бузуу менен алынган далилдер айыптоону негиздөө жана соттун чечимин чыгаруу үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес деп белгиленген.

Мындан тышкары, аталган Кодекстин 285-беренесинин 6-бөлүгүндө, эгерде сот далилдерди алып салуу жөнүндө чечим кабыл алса, анда бул далил юридикалык күчүн жоготот жана өкүмдүн негизине же башка сот чечимине негиз катары алынышы, ошондой эле соттук териштирүүнүн жүрүшүндө иликтениши же пайдаланылышы мүмкүн эмес деп каралган.

КЖПКтын 279-беренесинин 2, 3 жана 4-бөлүктөрүнө ылайык алдын ала угууну өткөрүү жөнүндө өтүнүчтү тарап иш сотко келип түшкөн күндөн тартып 3 сутканын ичинде билдириши мүмкүн. Тараптарды соттук отурумга чакыруу жөнүндө кабарлама алдын ала угуу өткөрүлүүчү күнгө чейин 3 сутка калганда жөнөтүлүүгө тийиш. Алдын ала угуу иш сотко келип түшкөн күндөн тартып 10 суткадан кечиктирилбестен, өзгөчө учурларда 15 суткадан кечиктирилбестен өткөрүлүүгө тийиш.

Кайрылуу субъектисинде соттук териштирүү учурунда далилдерди алып салуу боюнча өтүнүчтөрдү кароонун тартиби каралбагандыгы сот отурумунун катышуучуларынын конституциялык укуктарын бузуп жана чектебейби деген суроо жаралгандыктан, күмөндүүлүк жараткан ченемдердин конституциялуулугун текшерип берүүнү суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Жазык сот өндүрүшүндө алдын ала угууларды өткөрүү адилеттүүлүктү, натыйжалуулукту жана ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу үчүн олуттуу мааниге ээ. Алар талаштуу маселелерди, анын ичинде далилдердин жол берилгендигине байланышкан маселелерди алгачкы стадияда аныктоого жана чечүүгө жардам берет.

Каралып жаткан аспектте, жазык процессинин алгачкы стадиясында өткөрүлүүчү алдын ала угуу КЖПКтын 80-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарына ылайык, эреже катары, кылмыш иши боюнча соттук териштирүүдө өзүнүн жол берилбестигинин бардык ачык-айкын белгилерине ээ болгон далилдердин жол берилгендиги/жол берилбестиги тууралуу тараптарга өз жүйөлөрүн жана аргументтерин келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Көрсөтүлгөн Кодекстин талаптарын бузуу менен алынган деген негизде билдирилген далилди алып салуу жөнүндө өтүнүчтү кароодо жактоочу тарабынан берилген жүйөлөрдү төгүндөөнү далилдөө иши прокурорго таандык. Эгерде сот далилдерди алып салуу жөнүндө чечим кабыл алса, анда бул далил юридикалык күчүн жоготот жана өкүмдүн негизине же башка сот чечимине негиз катары алынышы, ошондой эле соттук териштирүүнүн жүрүшүндө иликтениши же пайдаланылышы мүмкүн эмес (КЖПКтын 285-беренесинин 4, 6-бөлүктөрү).

Бул жагынан алганда, судьялар коллегиясы КЖПКтын 285-беренесинин ченемдери алдын ала угууда далилдерди алып салуу боюнча так эрежелерди орнотуу менен жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларына мыйзамды бузуу менен алынган далилдер айыптоону негиздөө жана соттун чечимин чыгаруу үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес деген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 57-беренесинин 4-бөлүгүнүн жобосун жүзөгө ашырууну кепилдейт.

Сот тараптардын аргументтерин жана далилдерди талдап, далилдерди алып салуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу же канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечимин кабыл алат. Бул өз кезегинде мыйзам бузуу менен алынган далилдер айыптарды негиздөө жана сот чечимин чыгаруу үчүн пайдаланылбашы керектигин кепилдейт.

Ушуну менен бирге, КЖПКтын 288-беренесинин 3-бөлүгү судьянын далилдерди алып салуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу же канааттандыруудан баш тартуу чечимине тараптар макул болбосо, аларга апелляциялык даттануу келтирүү укугун берет.

КЖПКтын 415-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык апелляциялык даттануу же сунуш менен келип түшкөн кылмыш ишин кароодо өкүмдүн же башка соттук чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү максатында, сот тараптардын өтүнүчү же өзүнүн демилгеси боюнча биринчи инстанциядагы сот тарабынан далилдердин ичинен алынып салынган материалдарды таанууга жана аларды иликтөөгө укуктуу.

Далилдөө институтунун негизги максаты – чындыкка жетүү жана келтирилген далилдерди объективдүү жана ар тараптуу кароонун негизинде адилеттүү сот чечим чыгарууда турат. Ар бир далилге тиешелүүлүгүнө, жол берилгендигине, аныктыгына карата, ал эми бардык чогултулган далилдер жыйындысында ишти чечүү үчүн жетиштүүлүгүнө карата баа берилиши керек.

Бардык далилдер түздөн-түз, анын ичинде ишти соттук териштирүүдө изилденүүгө тийиш. Мында сот тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыктын принциптерин сактоо менен өзүнүн процессуалдык чечимин, ар бир тараптын бирдей негизде катышуусун камсыз кылуу менен изилденген далилдерге гана негиздейт.

Айыптоо өкүмү соттук териштирүүнүн жүрүшүндө айыпталуучунун кылмышты жасоого күнөөлүүлүгү иликтенген далилдердин жыйындысы менен ырасталган шартта гана чыгарылат жана божомолдорго негизделиши мүмкүн эмес.

Айыптоо өкүмүнүн сыпаттама-жүйөлөмө бөлүгүндө айыпталуучуга карата соттун тыянактарына негиз болгон далилдер жана соттун башка далилдерди четке кагуусуна түрткү берген жүйөлөр камтылууга тийиш экендигине таянып, сот далилдерди соттук териштирүүнүн алкагында изилдөөнү жүргүзүү менен аларды, эгерде алар жол берилгис же колдонууга жараксыз болсо, четке кагуу укугуна ээ.

Бул сот өзүнүн процесстик чечимин логикалык жана негиздүү жүйөлөштүрүү менен ар бир далилди карап чыгып, анын ишенимдүүлүгүн, иштин белгиленген фактылары менен байланыштыруу жана конкреттүү айыпталуучуга карата колдонулушун баалоого тийиш дегенди билдирет.

Демек, далилдердин жол берилгендигине карата баалоо далилдер алып салынышы мүмкүн болгон алдын ала угууда гана эмес, соттук териштирүүнүн стадиясында да, иш боюнча соттун акыркы чечими чыгарылганга чейин жүргүзүлөт.

Ошентип жазык-процесстик мыйзамдар далилдерди, алардын жол берилгендигин баалоо жана сот тарабынан мыйзамдуу жана негиздүү чечимди туура кабыл алуусу үчүн бардык зарыл механизмдерди караштырат. Мындай чечимди кабыл алуу үчүн сот айыпты ынанымдуу түрдө ырастаган же четке каккан иш боюнча болгон бардык далилдерге ар тараптуу баа бериши керек.

Баяндалгандарды эске алуу менен, судьялар коллегиясы судьяда конституциялуулугу күмөн жараткан ченемдердин баяндалышы, алардын укук колдонуу иш-тажрыйбасында колдонулушу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин маанилүүлүгүнө тийиштүү конституциялык орнотмолорду бузууга алып келиши мүмкүн болгон укуктук мүнөздөгү көйгөйдү көргөн жок.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык сотунун судьясы В.С. Тумpraванын Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 285-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 57-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө суроо-талабы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар судья В.С. Тумановага кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

К.А. Дуйшеев

М.Ш. Касымалиев

№ _____